### Материалдык-техникалык базаны чыңдоо боюнча аракеттер

2006-2007-окуу жылында “Айылдык билим берүү” долбоорунан дидактикалык көрсөтмө куралдар, тех каражаттар, инвентарлар мектепке берилип, азыркы учурда колдонулууда. Ушул эле окуу жылында “Айылдык билим берүү” долбооруна проект жазуу менен 149 миң сом жанан 19 миң сом өз салымыбыздын негизинде мектепте “Ресурстук борбор” ачылып, учурда мектепке кызмат кылууда.

2007-2008-окуу жылында мектептин чатырлары эскиргендиктен АРИС долбооруна проект жазуу менен №1 корпустун чатыры 320 миң сомго алмаштырылды.

2009-2010-окуу жылдары АРИС программасы боюнча мектептин 3-корпусунун чатыры жабылды: Субгрант-412 миң сом, өздүк салым (ата-энелерден)- 109 миң сом.


Мектептин жылуулук системасын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн Миграция министрлигинен 117 миң сом, акимчиликтен 96 миң сом бөлүнүп берилип жылуулук системасы оң жолго коюлган.

2011-2012-окуу жылында “МегаБилим” долбооруна жазылган проектинин негизинде Мегаком компаниясы тарабынан мектептин информатика кабинети 264 612, 58 сом өлчөмүндөгү 7 заманбап компьютер (столу менен) жабдылды. Бул компьютерлердин ар бирине стабилизатор алууга ата-энелер 15 400 сом спонсорлук кылышты.

2016/2017-окуу жылында мамлекет тарабынан ремонт иши үчүн 29400 сом бөлүндү. Бул каражатка мектепти толук кандуу ремонттон өткөзүүгө мүмкүн болбогондуктан, мектептин өздүк чарбасынан акча каражат сарпталды. Мектептин өздүк чарбасынан түшкөн каражаттын эсебинен мектепке түстүү принтер жана ламинаттоочу станок алынды.

2014-жылы “ Ысык–Көл өнүктүрүү фонду” тарабынан 370 миң сом бөлүнүп №1 жана №3 корпустарынын терезелери алмаштырылды.

2014-жылы Мега Билим долбоору аркылуу мектепке заманбап 7 компьютер берилип, азыркы учурда бардык жумушчу абалда турат.




2016/2017-окуу жылында мектептин 50 жылдыгына карата демөөрчүлөрдөн 232 миң сом акча каражаты үшүп, анын 210 миң сомуна 2 интерактивдүү доска, 2 проектор, 1 портативдүү сканер, 1 видеокамера алынып келинди. Мунун негизинде окуу жылы ичинде 2 кабинет уюштурулуп, анда мультимедиа каражаттарын колдонуу менен заманбап сабактар өтүлүп келатат. Мындан тышкары мектептин текущий ремонтуна 29400, тендердик баасы 27400 акча бөлүндү. “Улахол” айыл өкмөтү тарабынан 160 миң сом, тендердик баасы 143 миң сом өлчөмүндө акча каражаты бөлүндү. Аталган акча каражатына мектепке керектүү инвентарлар алынды жана китепкананы 2-корпустан кабинет жасап, көчүрүүгө жумшалды. Ошондой эле айылдагы Улуу Ата Мекендик

согушта курман болгондорго коюлган эстелик реконструкцияланып, андагы эски тосмолор мектепке алынып келинип, мектептин тегереги курчалды. Айылдын клубу толук ремонттон өткөндүгүнө байланыштуу музыкалык аппаратура (синтезатор, колонкалар) мектепке киририштелип колдонулууда. 2018/2019-окуу жылында мектеп “Ысык Көл облусунда билим берүүнү жакшыртуу” долбоору менен иштеп, бүтүрүүчүлөрдү ЖРТга даярдоо боюнча 1-орунду алып, интерактивүү доска жана мультимедиалык проектор менен сыйланган. Бул техникалык каражаттар атайын кабинетке коюлуп, сабактар өтүлүп жатат. Андан тышкары ушул эле долбоор боюнча дагы бир проектор экраны менен математика кабинетине орнотулду. 2022-2023-окуу жылында жаны мектеп ишке берилүү алдында турат. Бул мектептин имараты Сауд Аравия фонду тарабынан бөлүнгөн 1 млн 107мин сомго курулууда. Мектептин 14 окуу кабинети ардагер мугалимдер тарабынан заманбап форекс материалынан жасалган стенддер менен жасалгаланып, коридор мектептин бүтүрүүчүлөрү тарабынан 530 мин сомго жасалгаланды. Айыл өкмөт тарабынан тендер жарыяланып 140 мин сомго 42 терезеге ролл шторы алынып келинди.